**Россия Федерациясында эмгек ишмердигин жүзөгө ашырууга ниеттенген Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин жарандарынын эсине**

Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-декабрындагы № 1467 токтому менен 2018-жылга Россия Федерациясынын аймагында экономикалык иштин айрым түрлөрүн жүзөгө ашыруучу чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан пайдаланылуучу чет өлкөлүк кызматкерлердин жол берилген үлүшү белгиленген.

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин (мындан ары – ЕАЭБ жөнүндө келишим) 97-беренесинин 1-пункту менен мүчө мамлекеттин жумуш берүүчүлөрү жана (же) жумуштардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) буюртмачылары улуттук эмгек рыногун коргоо боюнча чектөөлөрдү эске албастан, мүчө мамлекеттердин эмгекчилерин эмгек ишмердигин жүзөгө ашырууга тартууга укуктуу. Мында мүчө мамлекеттердин эмгекчилерине ишке орношуу мамлекетинде эмгек ишмердигин жүзөгө ашырууга уруксат алуу талап кылынбайт.

Буга байланыштуу, Евразия экономикалык комиссиясы тарабынан Россия Федерациясынын Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинен алынган түшүндүрмөлөргө ылайык (2018-жылдын 28-мартындагы № 16-4/В138 кат) ЕАЭБ жөнүндө келишимдин ченемдеринин негизинде Армения Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын жарандарына Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-декабрындагы № 1467 токтому менен бекитилген Россия Федерациясынын аймагында экономикалык иштин айрым түрлөрүн жүзөгө ашыруучу чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан пайдаланылуучу чет өлкөлүк кызматкерлердин жол берилген үлүшү тиешелүү эмес.